DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК-БАТЫШ АЙМАГЫНДАГЫ МЕДРЕСЕЛЕР ЖАНА АЛАРДЫН ЖАШТАРГА БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ РОЛУ (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)

*Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М.*

# МЕДРЕСЕ В ЮГО-ЗАПАДНОМ РЕГИОНЕ КЫРГЫЗСТАНА И ИХ РОЛЬ В ОБУЧЕНИИ МОЛОДЕЖИ (конец XIX века - начало XX века)

*N. Taiirova, B. Zuluev, M. Taiirov*

# MADRASAHS IN THE SOUTHWESTERN REGION OF KYRGYZSTAN AND THEIR ROLE IN THE TEACHING OF YOUNG PEOPLE (late XIX century - early XX century)

*УДК: 947.1:2(575.2)*

*Бизди сабатсыз, маданияты жок, тоодон түшкөн кыргыздар Совет доорунун мезгилинде гана сабатсыздыгы жоюулуп маданияттуу эл болушту деп окутуп келишкен. Чындыгында кыргыз элинин чыгаан уулдары Кокон хандыгынын (1876-жылга чейин) жана падышачылык Орусиянын (1917-жылга чейин) мезгилдеринде Фергана өрөөнүнүн шаарларында жана айыл-кыштактарында диний мектептерди жана медреселерди уюштурушуп агартуучулук иштерди жүргүзүп келишкен. Бул макалада XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын 30-жылдарына чейинки убакыттагы Маргалан шаарындагы «Ак медресеге», Намангандагы «Молдо Кыргыз медресесине» кайрылып, азыркы Кыргызстандын түштүк-батыш аймагында түзүлгөн Кадамжайдын Пум айылындагы Абдыкайым эшендин жана Кызыл-Булактын Лангар деген жериндеги Ак эшендин медреселеринин уюштуруу себептерине токтолобуз.Ошондой эле, диний билим берүүчү мектептердин жана медреселердин тарыхына, өнүгүү динамикасына, медреселердеги окуу предметтерине, окуу мөөнөттөрүнө жана баскычына, медреселерди уюштуруу талаптарына жана каржылоо булактарына кайрылабыз.Каралып жаткан медреселерде кыргыз адабиятынын, элибиздин салттуу билимдеринин окутулгандыгы медреселердеги окуу курстарынан жана аларда иштеген кыргыздын чыгаан ырчы-акындарынан көрүнүп турат. Балдарга диний билимдерди үйрөтүүдө элибиздин салттуу педагогикасы менен байланыштырып окутушкандыгын анын жеткиликтүү жана жугумдуу болушунан байкоого болот.*

***Негизги сөздөр:*** *диний мектеп, медресе, Кокон хандыгы, падышачылык Орусия, Совет доору, вакуп, кыргыз адабияты.*

*Нас учили безграмотные, некультурные кыргызы, спустившиеся с гор, стали цивилизованными людьми только в советское время. Фактически, в период правления Кокандского ханства (до 1876 г.) и царской России (до 1917 г.), выдающиеся сыновья кыргызского народа организовывали религиозные школы и медресе в городах и многонаселенных селах Ферганской долины и вели просветительскую работу. Эта статья посвящена к деятельности «Ак медресе» в Маргалане и медресе «Кыргыз-Молдо» в Намангане со второй половины XIX века до 30-х годов XX века, а также медресе Абдыкайым эшена в селе Пум и медресе Ак эшена в селе Кызыл-Булак (Лангар) Кадамжайского района. Мы также рассмотрим историю религиозных школ и медресе, динамике их развития, предметы, преподаваемые в медресе, сроки и этапы обучения, требованиям к организации медресе и их источникам финансирования. Из учебных курсов, преподаваемых в медресе и работающих поэтов-импровизаторов следует что, кыргызская литература и традиционные знания нашего народа преподавались в медресе. Детям преподовались религиозные знания с применением традиционной педагогики видно, что оно доступно и понятно.*

***Ключевые слова:*** *религиозная школа, медресе, Кокандское ханство, царская Россия, советское время, вакуп, кыргызская литература.*

*We were taught that the ignorant, uncultured Kyrgyz who descended from the mountains became civilized people only in Soviet times. In fact, during the reign of the Kokand Khanate (until 1876) and the Russian Empire (until 1917), the great sons of the Kyrgyz people organized religious schools and madrasahs in the cities and villages of the Fergana Valley and carried out educational work. This article is devoted to the Ak madrasah in Margalan and the Moldo-Kyrgyz madrasah in Namangan from the second half of the 19th century to the 20th century in the 30s, we will consider the reasons for the founding of the Abdykaim Eshen madrasah in the village of Pum in Kadamjai, and the Ak Eshen Langar in Kyzyl-Bulak. We also refer to the history of religious schools and madrassas, the dynamics of development, subjects taught in madrassas, terms and stages of education, requirements for the organization of madrassas and sources of funding. The fact that Kyrgyz literature and traditional knowledge of our people are taught in these madrassas is reflected in the training courses in the madrassas and in the famous Kyrgyz singers and poets who work there. The fact that children are taught religious knowledge in connection with the traditional pedagogy of our people can be seen from the fact that can be observed due to the fact that they are contagious.*

***Key words:*** *theological school, madrasah, Kokand Khanate, Russian empires, Soviet times, wakup, Kyrgyz literature.*

Тоталитардык саясаты күчтүү болгон Совет доорунда, бизди мектепте «Кыргыздар карангы, сабатсыз, маданияты жок, тоолордон түшкөн эл, алар улуу Октябрь революциясынын жеңиши менен тамга таанып, сабатсыздыгын жоюп, маданиятка жетишти» деп окуткан. Бирок, ошол эле учурда чоң ата, чоң энелерибизден жана айыл аксакалдарынан Кокон хандыгынын жана падышачылык Орусия мезгилинде дале билимдүү молдолор айылдын мечиттеринде жаштардын сабатсыздыгын жоюшкандыгын жана алардын эл көп жашаган кыштактардагы жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



шаарлардагы медреселерде билим алуусун улантышкандыгын көп жолу укканбыз.

Ошондуктан бул макалада өткөн доордун, анын ичинен XIX кылымдын 60-жылдарынан XX кылымдын 30-жылдарына чейинки убакыттагы диний билим берүүчү мектептердин жана медреселердин тарыхына, алардын өнүгүү динамикасына, окуу предметтерине, билим берүүнүн баскычына жана окуу мөөнөтүнө, медреселерди уюштуруу талаптарына, каржылоо булактарына токтолобуз. Ошондой эле, Кыргызстандын түштүк-батыш аймагындагы түзүлгөн медреселерге жана алардын уюштуруу себептерине да көңүлүнүздөрдү бурабыз.

Буга чейинки изилдөөлөрүбүздө Оштогу, Жалал-Абаддагы уюштурулган медреселерге тереңирээк [1], ал эми Кадамжайдын Пум айылындагы Абдыкайым эшендин медресесине учкай токтолгонбуз [2,3].

«Медресе» түшүнүгү биздин элге арабдардан ислам дини аркылуу келген жана диний билим берүүчү мусулман окуу жайларын медресе деп аташкан. «Медресе» араб тилиндеги «мадараса» деген сөздөн келип чыккан, кыргыз тилине которгондо «үйрөнүү», «бир нерсени билип алуу», «окуп билүү» деген түшүнүктү туюндурат. Араб мамлекетеринде ислам дининин пайда болушу менен мектеп жана медресе пайда болуп VIII-IX кылымдарда дүйнөлүк билим берүү тармагына активдүү аралашып, ага олуттуу салым кошкон.

Мектептер башталгыч билим берүүчү окуу жайлары болсо, медреселер бул орто, айрым өлкөлөрдө жогорку билим берүүчү конфессионалдык мусулман окуу жайы болуп, молдолорду, уламаларды, казыларды, имамдарды, мударистерди даярдаган. Ал жерлерде окугандардын арасынан диний кызматкерлер гана эмес, философтор, акындар, жазуучулар, илимпоздор, дарыгерлер ж.б. адистер чыккан.

VII-XI кылымдарда Каирде Аль-Азхар, Меккеде Кааба, Багдадда Багдад медреселери мусулман ааламында өзгөчө атакка жетсе, X кылымда Бухара шаарында медресе негизделип, анын бай китепканасы болгондугу тарыхтан белгилүү. XV-XVI кылымдарда Самаркандагы Улукбек, Бухарадагы Мир-Абад медреселери Борбор Азиядагы ислам окууларынын таралышына олуттуу салым кошкон [1].

Диний билим берүүчү окуу жайлар жаштарды ислам шарияттары аркылуу тарбиялоого көңүл бурушкан. Натыйжада Борбор Азиядагы социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөр илимдин өнүгүшүнө шарттарды түзүп, тарбиялоонун социалдык-философиялык концепциясын өнүктүргөн. Ошол мезгилдеги энциклопедиячы аалым акындар Ж.Баласагындын, Г.Низаминин, А.Навоинин чыгармаларында педагогикалык идеялар басымдуулук кылып тарбиялонун гуманистик концепциясы иштелип чыккан.

Ислам окуулары мамлекетти шарият жолу менен башкарууга, мамлекеттин турмушуна, коомдук жана үй-бүлөлүк манилерге, адамдар ортосундагы мамилелерге, балдарды тарбиялоого таасирин тийгизген. Мындай иштер ислам окуу жайларында б.а. башталгыч мектеп жана медреселер аркылуу ишке ашкан.

Негизги көпчүлүк медреселерде билим берүү үч баскычта жүргөн: биринчи баскыч - төмөнкү (адио), экинчи баскыч - ортоңку (аусот), үчүнчү баскыч - жогорку (агло). Бул толук курстун мөөнөтү 20 жылга чейин созулган [1]. Үч баскычтын өз-өзүнчө мударистери, окуу китептери, колдонмолору болгон. Бүтүрүүчүлөрдүн илимдүүлүгү алардын кайсыл баскычты бүтүргөндүгү менен бааланган.

Медреселерде кабыл алынган окуу программалар жалпысынан X-XII кылымдарда түзүлүп, улам кошумчалар киргизилгени менен башкы өзөк сакталган. Медреселердеги окуу жылы октябрь айынан башталып апрелде бүткөн, андагы негизги окуу предметтери араб жана фарсий тилдери, ислам илими, ислам мыйзамы, логика, философия, метафизика, математика, география, астрономия, медицина болгон. Медреседе тарбияланып жаткандарга төмөнкүдөй талаптар коюлган: ислам шариятынан чыкпоо, сылыктык, сабырдуулук, кичи пейилдик, момундук.

XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндө жашаган Кыргыз улутундагы элдин саны 362000 кишини түзгөн, алардын 57%зы отурукташкан жана жарым отурукташкан абалда болушкан. Жалпы бул аймакта 486 кыштак болгон (1917-жылдагы эл каттоонун материалдары). Ш.Вахидов XIX кылымдын орто ченинде Кокон хандыгынын өзүндө 350дөн ашык медресе болгондугун жазат [4]. Жалпылап айтканда Кокон, Ташкент, Маргалан, Кожент, Оро-Төбө сыяктуу ири шаарларда 20-50дөй, Наманган, Ош, Чуст, Шахрихан, Асаке, Төрө-Коргон сыяктуу кичи шаарларда 3-10дой, ал эми эл көбүрөөк жашаган кыштактарда 1-2ден медресе болгон [5].

Отурукташуу, атайын салынган үйлөрдө кыштакташып жашоо элдин, коомдун биримдигин түзгөн. Коом болгондон кийин ал жердин башкаруучулары - бийлери, манаптары, казылары, аскери ж.б. дайындалып, өздөрүндө ишке ашырылуучу мыйзамдары, жашоо эрежелери иштелип чыккан, бул болсо балдарга билим берүү тармактарынын болушун талап кылган. Бул тармактардын ийкемдүүсү жана ар бир кыштакка ачып алууга мүмкүн боло турган формасы мектептер болсо, медреселер элдүү пунктарга, калк көп жайгашкан жерлерге ачылган.

Медреселердин уюштуручулары (менчик ээлери) – ири соодагерлер, диний аалымдар, молдолор,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бектер, манаптар, кол башчылар жана тигил дүйнөнү ойлоп соопчулук кылып келген колунда бар адамдар болгон. Мындай окуу жайлар негизинен жеке менчикке негизделген.

Медреселер аны курган, каржылап турган адамдардын өздөрүнүн, же ата-энелеринин, же устаздарынын аты менен, болбосо ири диний аалымдардын ысымы менен аталган, көбүнчө кыштактардын аталышы менен да атала берген. Кээде бир топ кишилер жамааты да биригип медреселерди ачкан. Медресе ачуу үчүн төмөнкүдөй шарттар зарыл болгон: балдар (же кыздар) окуй турган, жатта турган жай керек болгон, андан сон ал жерге мударис, мутавали тандалып, алар талабаларды кабыл алышкан. Тамак-ашка медресе ээсинен башка да талабалардын ата-энелери, соопчулук издеген адамдардын көмөгү берилген. Ошондой эле орозо битирден да, зекеттен да аларга бөлүнүп турган.

Диний билим берүүчү окуу жайларга чоң жардам вакуп мүлктөрүнөн келип турган. Вакуп (арабча - вакф, көптүк санда - вакуф: сөзмө-сөз которгондо үстүнөн кароо, орнотуу) - мусулман укук термини. Кокон хандыгы учурунда хандык вакуп үчүн атайын жарлык чыгарган, анда салыктан бошотулган жерлер – «ак вакуптар» жана бошотулбаган жерлер - «кара вакуптар» болгон [6]. Вакуп бул кандайдыр бир адамдын дин мекемесине сый кылып берген же осуят кылып калтырган мүлкү.

Вакупка алган мындай жерлерди хандыктын адамдары, казылар, бийлер, диний кызматкерлер өздөрү иштеткен эмес, аларды дыйкандарга ижарага берип, алынган түшүмдүн бештен үч бөлүгүн медреселерге деп алып турушкан, ижарачы калган эки бөлүгүнө ээ болгон. Эң ири медреселер хандыктан же анын жергиликтүү башкаруучуларынын уруксаты менен гана уюштурулуп ачылган.

Азыркы Өзбекстан Республикасынын аймагына карап калган Кокон хандыгындагы медреселердин ичинен Маргаландагы «Ак медреседе» жана Наманган шаарындагы «Молдо Кыргыз» медресесинде кыргыз балдар көп окушкан. Ошондуктан бул эки шаардагы медреселердин тарых-таржымалына токтолобуз. Ошондой эле ушул медреселерди ийгиликтүү бүтүрүшүп, өздөрүнүн айыл-кыштактарына (азыркы Кыргызстандын түштүк-батыш тарабына) медресе уюштурушуп чөлкөмдүн жаштарына XIX кылымдын аягынан XX кылымдын 30-жылдарына чейин билим беришип агартуучулук иштерди жүргүзүшкөн Абдыкайым эшен менен Ак эшендин медреселеринин ишмердүүлүгүнө да көңүлүңүздөрдү бурабыз.

Фергана өрөөнүндөгү байыркы шаарлардын бири Маргалан шаары. Уламыштарга караганда биздин заманга чейин (б.з.ч.) IV кылымда Александр Македонскийдин аскерлери бул шаарга келгенде шаардыктар меймандостукту көрсөтүшүн тоок эти жана нан менен тосуп алышат. Бул тамактын аталышын сурашканда «мургинон» деп айтышкан, ошондон улам Маргалан деген жердин аты пайда болгон деп айтышат. З.М. Бабырдын «Бабыр-наме» аттуу китебинде бул жерде багбанчылык абдан өнүккөндүгү баяндалат. Ошондой эле шаардын өнүгүшүнүн дагы бир далили – XVIII кылымга таандык Сыдык-Пир, Магаз Кожо мавзолейлери, XIX кылымда курулган Чакар мечити, Саид Ахмад кожо медресеси, Ак медресе, Торон базар мечити [1]. Булар Маргалан шаарынын диний жана ислам илиминин ири борбору болгондугун тастыктап турат.

Саид Ахмад кожо медресесинин имараты төрт бурч короого (32,5х32,5 м) жайгашкан, анын түндүк-батыш тарабы кең айбандуу болуп, айланта 26 үжүрө жайгашкан, короосунда бир нече жүз жылдык чынар теректер өсүп турган. Медрсенин дубалдары сынч болуп, бышык кыш менен урулган, негизги чоң бөлмөсү (14х7 м) 4 түркүк менен тиретилген.

XIX кылымда Маргаланда диний окуу жайлары болуп медресе, мектеп, карыхана эсептелген. Алардын ичинен мектептер жеке үйлөрдө жана мечиттердин алдында уюштурулган. Аларды каржылоо вакуп фонддору аркылуу ишке ашырылган. 1840-1841-жылдардагы маалыматка ылайык Маргалан шаарында 700 талаба билим алып жашашкан. Алар окуган медреселердеги негизги окуу курстары: 1-куранды чечмелөө, 2-араб филологиясы, 3-фарсий филологиясы, 4-түрк (чагатай) филологиясы, 5-наху (тил грамматикасы), 6-тарыхый жана географиялык булактар (араб, фарсий, түрк тилдериндеги илимий эмгектер), 7-адабият, 8-математика, 9-философия илимдери, 10-астрономия, 11-ислам дининин теориясы жана тарыхы. Ал эми мектептердеги негизги окуу курстары:1-туура жазуу, 2-куран жаттоо, 3-адабият, 4-эсеп (арифметика) [1].

Жогору айтылган диний окуу жайларда кыздар өзүнчө, балдар өзүнчө окушкан. Маргалан башка шаарлардан айырмаланып, деффектологиялык мектеп да болгон, анда көзү азиз балдар Куранды, диний багыттагы чыгармаларды (дастандарды), ырларды жатташкан.

XIX кылымдын 80-90-жылдарында Маргалан уездинде 838 талаба 57 медреседе, 7340 окуучу 433 мектептерде, 395 бала 21 каарыханада билим алып турушкан [1]. Шаарда театр иштеп, анда Ашурали-Махран, Исмаил-найчи деген атактуу өнөрпоздор эл арасында өтө популярдуу болушкан. Хаттат (калиграфия) өнөрү өнүккөн, алар курандын аяттарын коздоп жазганга үйрөтүшкөн.

Маргалан медреселеринде коптогон кыргыз балдарынын билим алышкандыгы айыл аксакалдарынын эскерүүлөрүнүн билебиз. 1873-1876- жылдары Кокон хандыгына каршы куралдуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



көтөрүлүш уюштурган Исхак Асан улуу Полот Хандын (1844-1876-ж.ж) атасы азыркы Кадамжай районунун Охна айлынын бостон уруусунан чыккан Асан Маргаландагы «Ак медреседе» мударис болуп иштеген. Полотхан жаш мезгилнде атасы иштеген Маргаландагы «Ак медреседе» билим алган, бирок анын толук курсун толук бүтүрө албай, 1867-жылы окуусуну таштаган. Анын алган билими бир жагынан жогору болгон, экинчи жагынан атасынан мыкты диний илим жана адеп үйрөнгөн.

Маргаландагы «Ак медреседен» билим алып, эшен даражасына жетип азыркы Кадамжай районун Пум айылында медресени уюштуруп 100 дөгөн жаштарга билим берген Абдыкайым эшендин медресеси туралуу сөз кылабыз. Жусуп уулу Абдыкайым Пум айлында 1856-жылы туулган. Айылдын мечитинин алдында диний мектепти мыкты бүтүргөндөн кийин Жусуп уулу Абдыкайымды атасынын энелеш акеси Берк ажы Маргаланга «Ак медресеге» окуусун улантууга жөнөтөт. Анткени, Берк ажы Маргаландагы «Ак медресенин» курулушуна жардам берип, ага каржылык колдоо көрсөтүп турган. Ал мезгилде «Ак медресенин» имамы болуп Авлия эшен иштеп турган (Авлия эшен тажик улутунан болуп, анын сөөгү Кадамжайдын Үч-Коргон айылына коюлган). Жусуп уулу Абдыкайым 1870-1880 жылдары Авлия эшенге шакирт (талаба) болуп «Ак медресеге» окуган.

Берк ажы өзү Маргаландын Язаван тарабындагы кыргыздардын жүз деген уругунан болот. Апасы экинчи турмушка Пум айылына чыккандыктан, анын жаштыгы тоодо өткөн. Пум айылынын жашоочулары Берк ажынын айылды түптөөчүлөрүнүн бири деп азыр деле айтып жүрүшөт. Берк ажы бул дүйнөдөн өтөөргө жакын, өзүнө «саганак» (сөөктү коюучу жер бетине үй сыяктуу терезеси да, эшиги да жок туюк имарат) курдурган. Бир жарым кылымдан мурун тургузулган бул «саганак» бүгүнкү күнү дале бузулуп кетпестен Пум айылында сакталып турат. «Саганактын» бийиктиги 1,5 м, туурасы 2,5 м, узундугу 3,5 м дей. «Саганак» сыяктуу б.з.ч. мезгилден баштап эле Египет фараондорун жана көптөгөн мамлекеттердин (өлкөлөрдүн) жогорку катмарда өткөн адамдарын саркофагка (адамдын сөөгү жаткан табыт) салышып жер бетине коюшкан.

Саганак менен саркофагдын окшоштуктары көрүнүп эле турат. Ошондуктан, биздин ойубузча адамзат биринчи саганакты пайдаланып кийин ал дүйнөгө саркофаг деген ат менен тараган. «Саганактын» сөөгүн (каркасын) арчадан жасап алышып, сыртын гүвалак менен урушуп, кийин ылай менен шыбап коюшкан. Исфайрам-Сай өрөөнүндө Берк ажыдан башка, анын 1912-жылы дүйнөдөн өткөн күйөө баласы Осмонбай да өзүнө Кароол айылынын Жанбулак жайлоосуна салдырган «саганакка» коюлган. Алдын ала көзү тирүүсүндө өзүнө атайылап «саганак» салдырып, ушул жерге менин сөөгүмдү койосуңар деп керэз калтырган адамдын ошол мезгилде кандай материалдык да, социалдык да мүмкүнчүлүгүнүн бар экени айтпаса дале түшүнүктүү болуп турат. Ошондуктан, Берк ажы Ак медресеге колдоо гана көрсөтпөстөн ага кыргыздардын зирек, жөндөмдүү балдарын диний билимдерин андан ары жогорулатуу үчүн тынымсыз окууга жөнөтүп турган.

Ак медреседе окуп жаткан Жусуп уулу Абдыкайымдын зиректигин, башка талабалардан айырмаланган жөндөмүн сезген Авлия кожо эшен ага кошумча тапшырмаларды берип билимди тереңирээк үйрөнүүгө шарт түзүп берет. Бул мүмкүнчүлүктү туура пайдаланып диний билимдерди өтө жакшы өздөштүргөндүктөн Жусуп уулу Абдыкайым устазынын ишенген адамына айланып, Ак медресенин имамдык даражасына чейин жетет.

Жусуп уулу Абдыкайым устазы Авлия кожо эшенден иршат (чечим) алып, эшендик наам ыйгарылгандан кийин 1898-жылдын күз айларында азыркы Кадамжай районунун Пум айылында жергиликтүү бийликтин (миң башынын, ал кезде волостун башчысын биз тарапта ушинтип аташкан) жана элдин жардамы менен медресени уюштуруп ачат. Бул Абдыкайым эшендин медресеси Орус падышачылыгынын жана Совет өкмөтүнүн мезгилинде 34 жыл бою диний таалим-тарбия берген агартуу мекемеси болуп, 1932-жылы Абдыкайым эшен дүйнө салгандан кийин гана өз ишин токтоткон.

Абдыкайым эшендин медресесинде жергиликтүү талабалар менен кошо Маргалан, Наманган, Кокон ж.б. шаарлардан, Чоң-Алай, Жергетал, Мургаб ж.б. аймактардан келген жаштар да билим алышкан. Бул медреседе талабаларды ислам динин гана окутпастан, Маргаландагы Ак медреседе окуткан окуу курстары сыяктуу, башка окуу курстарын да окутушкан.

Медреседеги талабаларга билим берүү үчүн кээ бир мударистерди сырттан чакырышкан. Мударистердин негизги бөлүгү жергиликтүү калктан болушкан. Атап айтсак, адабият (поэзия) курсун Абдыкайым эшендин замандашы, жакын курдашы Туяк ырчы берген. Туяк ырчы дагы өз доорунун белгилүү төкмө акыны, дастанчысы, ойчулу болгон [7]. Ал өз учурунда кыргыздын жазма акындарынын бири Молдо Нияз менен алым сабак айтышкандыгы айтылып жүрөт. Туяк ырчы чыгыш адабияты менен кошо талабаларга өзүнүн ырларын жаттатып окуткан. Туяк ырчынын ырларынын өтө таасирдүү болуп, бүгүнкү күндө дале эл оозунда айтылып жүргөн бир куплет ырын мисал келтиребиз:

Кана заты казылар,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Катар турган ажылар,
Ким жакшы да, ким жаман,
Макшарда бандаң ажырар.

(Макшар деген бейиш менен тозоктун кабылдамасы). Бул ырдын жардамында Туяк ырчы талабаларды гана эмес жалпы коомчулукту жакшылыкка жана таза жашоого чакырган.

Наманган шаары, Фергана өрөөнүндөгү эски шаарлардын бири. Бул азыркы Кыргызстандын Жалал-Абад облусунун Аксы жана Ала-Бука райондору менен чектешкендиктен бул аймактын жана Талас өрөөнүнүн балдары Намангандын медреселеринде билим алып турушкан. Кыргыз балдар өзбектер, тажиктер, уйгурлар ж.б. менен бирге окушкан.

Наманган щаарындагы медреселердин бири Молдо Кыргыз медресеси болгон. Медресенин аты айтып тургандай аны курдурган жана ээлик кылган адам кыргыз болуп, медресени курган Молдо Кыргыз устанын аты менен байланыштырылат. Ал 1846-жылы айрым булактар боюнча too этектериндеги айылдын биринде туулгандыгы айтылат. Жаштайынан эле диний билимди тереӊ алган жана табыгый билимдерди чукур үйрөнгөн жана өз мезгилинин мыкты архитектору болуп таанылган. Намангандагы ал курган Атауллаххан төрө (Отавалихан төрө) мечити Борбор Азияда экинчи орунда Түркистан шаарындагы Ахмед Йассавийдин (Кулкожо Акмат Яссавий) күмбөзүнөн кийин турган.

Молдо Кыргыз медресесинин жаңы имаратынын курулушу 1910-жылы башталып, 1912-жылы бүткөн. Медресе Молдо Кыргыздын Машрабай аттуу уулунун каражатына курулган, медресенин жалпы аянты 600 чарчы метр, 43 үжүрөсү, 3 чоң куполу болгон. Бул медреседе негизинен колунда бар адамдардын балдары окушкан [8].

Бул имарат советтик тоталитардык доордо көрбөгөндү көрүптүр. Кандай болсо да Молдо Кыргыз медресесинин имараты, азыркы күндө тарыхыйархитектуралык мурас катары сакталып калган. Ал 2011-жылы реконструкцияланып, ЮНЕСКО нун тарыхый баалуу медреселер тизмесине киргизилген.

Молдо Кыргыз медресесинде билим алган ойчул, акын-насаатчы Наркул уулу Нурмолдо 1838-жылы азыркы Ала-Бука районунун Кош-Терек айылында туулган. 1920-жылы дүйнөдөн өткөн. Молдо Кыргыздан 8 жашка чоң болгон. Нурмолдо айылдык молдодон сабатын жойгондон кийин Молдо Кыргыз медресесинде биринчи даярдык тобунда окуп, андан кийин медресенин толук курсун бүтүрүп, ошол эле медреседе мударис болуп иштеп калган. Ал андан ары Кашкардан, Казандан, Каирден, Меккеден ж.б. шаарлардан билимин жогорулатып келген. Кашмирде 5 жыл окуп афсун (сыйкырчылык) илимин үйрөнгөн.

Нурмолдо араб, фарсий жана чагантай тилдеринде сүйлөй да, жаза да алган. Ал өз учурунда өтө билимдүү, олуя жана агартуучу киши болгон. Нурмолдо диний билимди, табиятты таанып билүүнү жана энциклопедиялык эс тутумду өнүктүрүүнү ушул медреседен алган. Нурмолдо Молдо Кыргыз медресесинен алган билимин азыркы Жалал-Абад облусунун Ала-Бука, Аксы, Токтогул, Чаткал райондоруна караган көптөгөн айыл-кыштактарга мечит, мектеп, чакан медреселерди ачып балдарга билим берген.

Молдо Кыргыз медресесинде окутулган предметтер: араб тили, куран чечмелөө, куран жаттоо, исламият, тарых, эсеп-алгебра (аль-Хорезмий окуусу), жуграпия (география), астраномия, айыл чарбачылыгы (ай-наме). Медреседе талабалар дидактиканын (окутуунун) негизги принциби болгон теория (назария) менен практиканын (амалиятын) тыгыз байланышын түшүнүү менен, эске тутуп жатташкан.

Окутуу технологиялары: акыл насааттарды ооз эки айтырып жаттатуу, тексти үн чыгарып окутуу; текстти жаздыруу; текстин маани-мазмунун кыргызчага которуп сүйлөп берүү; коштуруп, кемитип, көбөйтүп, бөлдүрүп төрт амалды үйрөтүү.

Намангандагы Молдо Кыргыз медресесинен билим алган залкар акын Өтө уулу Жеңижок болгон. Ал биринчи айылдагы молдодон окуп, сабаттын жоюп, андан кийин Молдо Кыргыз медресесинен 2 жыл билим алган. Анын мудариси Нурмолдо болгон.

Жеңижок 1860-жылдары туулуп Таластын Кара-Буурасынан куулуп келип Аксынын Кара-Суусунда ала оорусунан айыгып 2 жыл ошол жердеги молдодон окуп, диний билим алып кийин Молдо Кыргыз медресесине барып билим алуусун уланткан. Болжолдуу бул учур 1870-1880-жылдарга туура келет. Бул мезгилде Нурмолдо 35-45 жаштарда болгон.

Молдо Кыргыз медресесинде талабалар курандан, пайгамбарыбыздын осуятары жазылган дидактикалык маанидеги хадистерден, «Багдадия» (Аптиек), «Чар китеп» (Мухтасар) сыяктуу диний адабияттардан, Асан кайгы, Кулкожо Акмат Яссави (Яссаваий), Баборахим Машраб, Насириддин Рабгузий сыяктуу жергиликтүү акындардын чыгармаларынан, «Кабус-наме», «Зафар-наме», «Бабур-наме» сыяктуу чыгыш кара сөз баяндарынан, «Лайли-Мажнун», «Хосров, Ширин», «Шах-наме» дастандарынан, «Миң бир түн» сыяктуу жомоктордон таалим-тарбиялык угуттарды алып, көркөм өнөр эмне экендигин түшүнүшкөн, Молдо Кыргыз медресесинде «Бабур-намени» түп нускада окутулгандыгы, Нурмолдо Фара бийдин (Аль-Фараби), Фирдоусинин, Назаминин, Жомийнин,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Саадинин, Навоинин чыгармаларыны окуп, а түгүл байыркы грек ойчулдары Платон, Аристотель сыяктуулардын мурастары менен тааныш экендиги, өзүнүн да 10дой кол китеби болгондугу тууралуу маалыматтар айтылып келет.

Айта кетчү нерсе, улуу акын-энциклопедист Караханиддер ханынын Хас Хажиби Жусуп Баласагындын XI кылымда жазган «Куттуу билим» (Кутадгу билик) чыгармасынын [9] 3 нускасынын ичинен кеңейтилип, толукталып жазылган 1 нускасы Наманган шаарынан табылган. Бул китептин Наманганда сакталып, табылгандыгынын өзү, анын ал жерде аздектеп пайдалангандыгын көрсөтүп турат. Малымматтарга караганда Молдо Кыргыз медресесинде Борбор Азиянын орто кылымдагы алп акын-дастанчыларынын катарында Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасы да окутулган. Анткени, бул чыгарма энциклопедиялык, табигый билимдерди, коомдук мамилелерди үйрөнүүгө, мамлекетти башкарууга, ошондой эле жаштарды тарбиялоого, адеп-ахлакка, ар тараптан өнүккөн инсан болуп калыптандырууга арналган чоң педагогикалык чыгарма [9]. Ошондуктан бул чыгарманы Молдо Кыргыз медресесинде жаштарды окутуп тарбиялоодо окуу куралы катарында пайдалангандыктан, аны биздин заманга чейин таберик катарында сактап келишкен.

Наманганадагы Молдо Кыргыз медресесинде билим алган азыркы Кадамжай районунун Тамаша айлынын найман уруусунан болгон Ак эшендин Кызыл-Булак айлындагы медресеси туралуу сөз кылабыз.

Ак эшендин атасы Бегмат калпа Кадамжайдын Тамаша айылында агасы экөө кой кайтарып жүрүп эле, жандарынан өтүп бараткан дербишти (дубананы) эрчип кетип калган. Ал дубана менен кошо жүрүп, акыры Намангандагы Абдулазиз калпага жолугат. Бегмат калпа Молдо Кыргыз медресесинде атбагар болуп кызмат кылып жүрүп, медреседе 4 жыл окугандан кийин эшендин колунан иршат (наам ыйгаруу боюнча чечим) алууга жетишет [10,11].

Бегмат калпа эшен наамын алгандан кийин Тамашага келип калпачылык ишин жүргүзүп, кийинчереек Апшыр-Атага келип ал жерде байырлап калган. Ал жердин эли алгач кысым көрсөтүшүп, кийин анын керемет иштерин (кыслаттарын) көрүшүп урматтай баштаган. Бегмат эшендин 4 уулу (Осмонаалы калпа, Махаммадумар (Ак эшен), молдо Шер, Ыдырыс калпа) жана 2 кызы болгон.

Ак эшен 1873-жылы туулган. Ал диний билимди айылдын мечитинен алгандан кийин, атасынын жолдомосу аркылуу Намангандагы Молдо Кыргыз медресесине барып, Бегмат эшендин устазы Абдулазиз эшенден билим алып кыска убакытта эле эшендин колунан иршат алганга жетишет.

Ак эшен Кызыл-Булактын Лангар мазар деген жеринде жашап, Жармат казыдан мечит, медресе салуу үчүн жер сурап алып, Бухарадан усталарды чакыртып 1903-жылы мечит, медресе салдырган. 2003-жылы ал имараттардын 100 жылдыгынын урматына карата элдин колдоосу менен мечит кайрадан оңдолуп түзөтүлгөн.

Ушул 1903-жылы Лангар мазарда курулган мечит, медреседе Тамаша, Кызыл-Булак, Охна айылдарынын ж.б. алыстан келишкен балдарды окутушкан. Бул медресе Ак эшендин медресеси деп айтылып калган. Медреседе биринчи дарс (сабак) беришкен молдолордон Хал дамла, Мадымар дамла болушкан.

Бегмат эшендин балдары өз мезгилинде мечиттерди салышып, балдарды окутушуп агартуучулук милдетти аткарышкан. Ак эшен мечит, медресенин каржылык маселесин вакуп жолу менен чечпестен башка багытты туура көргөн. Ал үчүн Ак эшен ар жылы талабалардын каникул мезгилинде, б.а. жай айларында дубаналары менен Алай, Анжиян жерлерин аралап жүргөндө назирге (соопчулукка) короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы түшкөн. Булардын баарын жол, көпүрөө, мечит салганга, медресе ачып аны кармаганга жумшоочу экен.

Дароот-Коргондук бир аксакал 1970-жылы Шаймердендин жанындыгы Ак эшендин медресесинде билим алып, чоң молдо болуп келгенмин деп айтканы китепке жазылып калган [10]. Чоң-Алайда Ак эшен салдырган көпүрө бар. Ал көпүрөөгө байланышкан эки окшош окуяны ушул күнгө чейин элибиз уламыш катарында айтып жүрүшөт. Бул уламыш «Эки кийик баяны». Биринчи окуя Ак эшендин заманында, экинчиси 1970-жылдары көпүрөөнү оңдоп жаткан учурда болгон (Чон-Алайлык Аскарали аксакалдын айтуусу боюнча).

Тажикистандын Мургаб (Саркол) районунун Ыраң-Көлүнүн Деңизбай деген жайлоосунда Кудайберген деген чоң бай балдарына сүннөт той берип жаткан мезгилде, ушул байдын талабы боюнча Ак эшен дубаналары менен 3 күндүн ичинде курук сайдан суу чыгарып берген. Ак эшен байга «Сен менин калган өмүрүмө зыян кылдың, мен ушул жерден ажыга кеттим» деп, эч нерсе албай ажыга жөнөгөн. Бул окуя 1923-жылы болгон. Ошол мезгилде Ак эшен 50 жашка чыккан эле. Азыр дале ошол суу чыккан жерден, суу ар жылы 14-июлдан баштап чыгып 15 күн аккандан кийин токтойт экен.

Ак эшен Мургабдан үйүнө Кызыл-Булакка келип 3 күн элине той берип, эли менен коштошуп ажыга кеткен. Меккеге барып Аль-Харрам мечитинде зыярат кылып Меккеден Мадина шаарына бараткада каза болот. Ак эшендин сөөгү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Мекке менен Мадина шаарларынын ортосундагы Мастура деген жерге коюлган.

Ак эшендин медресеси 20 жылдын ичинде негизинен Ак-Суу дарыясынын боюнда жашаган жаштарга (талабаларга) диний билимдерди араб, фарсий, чагатай тилдеринде берип, адабиятты, тарыхты, эсепти, географиясы ж.б. сабактарды окутушуп, окуп-жазуу маданиятын калыптандырып элибиздин сабатын жоюуга чоң салым кошкон. Бул медреседе Молдо Нияздын шакирттери да талабаларга сабак беришкен. Алар чыгыш адабиятын Молдо Нияздын чыгармалары менен кошо окутушкан. Анткени, Молдо Нияз өзү да Кызыл-Булак айылында туулуп, ошол жерде жашагандыктан анын ырлары жердештеринин арасында көп айтылып сакталып калган.

Кыргыз адабияттын, элибиздин салттуу билимдерин балдарга окутуу медреселерде жүргүзүлгөндүгү Маргаландагы Ак медресенин, Намангандагы Молдо Кыргыз медресесинин, Кадамжайдын Пум айылындагы Абдыкайым эшендин, Кызыл-Булактагы Ак эшендин медреселеринин окуу курстарынан жана ал медреселерде иштеген кыргыз ырчы-акындарынан байкалып турат. Жыйынтыктап айтканда, өз элинин келечегине кайдыгер карабаган, элибиздин агартуучу чыгаан уулдарынын жасаган иштерини белгилеп кетүүнү туура деп эсептейбиз. Алар:

- оор мезгилде элибиздин, дээрлик сабатсыз жана билимсиз учурунда кыргыз айыл-кыштактарына мектептерди, медреселерди уюштурушуп, элибиздин сабаттын жоюп, анын билим деңгээлин көтөрүүгө олуттуу аракет жасашкан;

- балдарга диний билимдер менен кошо кыргыз элинин оозэки чыгармаларын, төкмө акындардын ырларын, элибиздин салттуу билимдерин окутушуп, үйрөтүшкөн;

- талабалардын жаш жана кызыгуу өзгөчөлүктөрүнө жараша дидактикалык мүнөздөгү окуу куралдарын жазышып, аларды кол жазма түрүндө таратышып, коомду агартууга, тарбиялоого салым кошушкан;

- диний билимдерди окуутуну кыргыздардын элдик педагогикасы менен байланыштырып окутушкан;

- кыргыз жаштарынын арасында жазуу маданиятынын, билим берүү тармагынын калыптануусуна өзгөчө зор салым кошушкан.

Макаланын маалыматтарын чогултууда жардам беришкен Пум айылынын тургуну Абдыганы Мансуровго Кароол айылындагы мектептин мугалими Абдыкабыл Тайировго Кадамжай райондук музейинин директору Абибилла Абдуллаевге ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

**Адабияттар:**

1. Зулуев Б.Б. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында), пед. ил. д-ру... дисс. - Ош, 2018. - 265 б.
2. Тайиров М.М., Мусаев О.М. Исфайрам-Сайлык кыргыздардын жана эшендердин тарыхы, / Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2018, №5, 92-96-б.
3. Тайиров М.М., Тайирова Н.М., Мусаев О.М. Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүндөгү Абдыкайым эшендин, Молдо Шараптын жана Молдо Абдыкадырдын агартуучулук иштери (XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылым), ОшМУнун жарчысы, 4 серия: Педагогика, психология жана филологиялык илимдер. - Ош, 2020. - 79-92-бб.
4. Вохидов Ш. Кукон хонлигида тарихнависликнинг ривожланиши, Тарих фан. д-ру. дисс., Ташкент, 1998, - 305-б.
5. Алляма С. Абдуль-Хасан Али Ибн Усман аль-Оши Акыда Амали /http:// www.azan.kz/kutub/view/akyida-amali.
6. Наливкин В.П. Что дает Среднеазиатская мусульманская школа в образовательном и воспитательном образованиях? В.П. Наливкин. - СПб, 1900. - 480 с.
7. Эрматов Э. Туяктын ыры. - Ош, 2005. - С. 90.
8. Троицкая А.А. Архив Кокандских ханов XIX в, Труды публ. библ. Салтыкова-Шедрина, 1957. Т. 11. - С. 185-209.
9. Жусуп Баласагын «Куттуу Билим». - Бишкек, Бийиктик плюс, 2017. - 644-б.
10. Эсеналиев А. Аалымдардын изи менен. - Бишкек, 2016. - 164-б.
11. Мадимаров М. Аалым, акын, котормочу, сүрөтчү жана тарыхчы молло Шарап Кожо Нияз уулу. - Б., 2016. - 176-б.